## № 2-Баткен округдук шайлоо комиссиясынын

## Ч Е Ч И М И №5

**Баткен шаары** **2024-жылдын 27-апрели**

**Катышты:**
Айтбаев Бахабидин Ташполотович
Жоробаева Сайдагул Манасовна
Жапарова Мээринса Абытовна
Саттарова Гулбара
Гапаров Марат Мамазаитович
Камбаров Акынбек Осконович
Маркаев Манас Аззамович
Оболова Мария Гайыповна
Орозалиев Кенжебай
Эркебаев Осмон Мажитович
Гапарова Дилбархан Бекбутаевна
Жороева Чынар
Маккамбаев Мунарбек

**Себептуу катышпаганы:**
Адилов Анарбек Ташполотович
Омурзаков Тилек

**1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо өнөктүгүнүн үгүт учурунда талапкер Ойтемиров М.Г. жөнүндө Кадамжай РИИБнин башчысы милициянын подполковниги Б.А.Кундузовдун 2024-жылдын 27-апрелиндеги чыгыш № 34-6/1789 сандуу билдирүүсү жөнүндө.**

Каралуучу маселе боюнча Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Айтбаев Бахабидин төмөнкүлөргө токтолуп өттү.

2024-жылдын 25-апрелинде интернет тармактарынын “Фейсбук” сайтынын колдонуучуусу “Казыбек Эрматов” өзүнүн баракчасы аркылуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округунан №4-талапкер Ойтемиров Махмуд Гиесович Кадамжай районунун аймагында үгүт иштерин жүргүзүү учурунда шайлоочуларга акча каражатын тараткандыгы тууралуу жарыяланган маалыматты Кадамжай райондук ички иштер бөлүмүнүн “Кылмыштардын бирдиктүү реестри” автоматташтырылган маалыматтык системасынын маалыматтардын электрондук журналына каттаган.

Аталган факты боюнча алдын ала тергөөгө чейинки текшерүүнүн жыйынтыгы менен “Фейсбук” сайтынын колдонуучусу “Казыбек Эрматов” бурмаланган туура эмес (фейк) аккаунт аркылуу жалган маалымат жарыяландыгы аныкталган жана талапкер М.Г.Ойтемиров тарабынан добуш сатып алуу фактылар аныкталбагандыктан 27.04.2024-жылы Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде кылмыш иш козгоодон баш тартылгандыгын билдирген.

Жогорудагыларды белгилеп Баткен округдук шайлоо комиссиясынын отуруму

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Кадамжай РИИБнин башчысы, милициянын подполковниги Б.А.Кундузовдун 2024-жылдын 27-апрелиндеги чыгыш № 34-6/1789 сандуу билдирүүсү эске алынсын.
2. Ушул чечимди бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

МАКУЛ - 13, КАРШЫ - __0__, КАЛЫС - __0__,

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Айтбаев**

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын катчысы:** **С.Жоробаева**